М.М.Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин гуманитардык-технологиялык колледжинин мамлекеттик жана дүйнөлүк тилдер кафедрасынын кезектеги жыйынынын

**№4 протоколу**

22.12.2022.

ОшТУ

Төрайым: Суранова Н.Р.

Катчы: Мааткалыкова Г.А.

Катышкандар: ГТКнын директору Саадалов Т.Ы.

Ош Пирим туристтик компаниясынын өкүлү,

Ош Нуру мейманканасынын өкүлү Каримов Нургазы,

ОсОО Сынак компаниясынын өкүлү Алтай Турдубек уулу,

ПРООН өкүлдөрү Ташбаев А.А., Мамыразаков К.,

1-2-3-курстун студенттери

**Күн тартиби:**

1. Иш берүүчүлөр аркылуу жумуш орундарына кантип жайгашуу. Баяндамачылар: компаниянын, мейманкананын, ОсООнун өкүлдөрү.
2. Ишкана же уюмдарга окуу, өндүрүштүк, диплом алдындагы практикаларга чыгуу. Баяндамачылар компаниянын, мейманкананын, ОсООнун өкүлдөрү.

**I. Угулду:**

Ош Пирим компаниясынын өкүлү компаниянын түзүлүшү, жоболору, иш тартиби менен тааныштырып, жарандар менен болгон карым-катыштары жөнүндө толук маалымат берип, студенттердин жумушка орношуу мүмкүнчүлүктөрүн түшүндүрүп, жумушка орношуу үчүн резюмелерди тапшырууга чакырды.

Ош Нуру мейманканасынын башкы менеджери Каримов Нургазы мейманкананын негизги максаты, милдети, иштөө графиги жана башкалар жөнүндө айтып, жумушка орношууда эң негизги көйгөй туура жана так жазылган резюмелерди тапшыруу жолдору менен тааныштырды.

ОсОО Сынактын өкүлү Алтай Турдубек уулу студенттерге жумушка орноштууруу жолдорун көйгөйлүү суроо-жооп аркылуу баяндама жасады.

ПРООНдун өкүлү Ташбаева А.А. ПРООН тууралуу жасалган слайд, видеолору аркылуу кызмат орундарынын милдеттери, укуктары менен тааныштырып, бүгүнкү күндө жумушка орношуу 20 жыл мурдагы күнгө караганда кыйла жеңил экендигин айтып, бүтүрүүчүлөрдү жумуш орунуна жайгаштырууда көмөк көрсөтүүсүн баса белгиледи.

**I. Сөзгө чыкты:**

**ПД-20 тайпасынын студенти Сарыбатырова Элиза**-иш берүүчүлөрдүн айткандарын толук аткарууга, алар менен дайыма катышта болуп турууга студенттерди чакырып, зарыл учурда иш берүүчүлөр тарабынан колдоо керектигин суранды.

**Өмүрбек кызы Канзада**-иш берүүчүлөр аркылуу көп керектүү маалыматтарды алгандыгын, турмушта бул маалыматтарды колдоно тургандыгын, бүгүнкү күндө бүтүрүүчүлөр үчүн жумушка орношуу шарттары кеңири экендигин айтып, бирок студенттер тарабынан туура эмес таркатылган маалыматтарга бөгөт коюуга чакырды.

**Салижанова Дилдора**-иш берүүчүлөр тарабынан жолугушуу жыйындары гана эмес башка иш-чаралар да тез-тез өтүп туруусун, кызматташтык келишимдер түзүлүүсүн суранды.

**I. Токтом кылынды:**

1. Иш берүүчүлөр менен кызматташтык келишими түзүлсүн.
2. Иш берүүчүлөр менен кызматташтык келишимин түзүү окутуучу Камбарали уулу Улукмырзага милдеттендирилсин.

**II. Угулду:**

**Ош Пирим туристтик компаниясынын өкүлү-** студенттерди практикага кабыл алуу, өтөө учурунда келген коноктор менен мамиле түзүү, тил билүү, жумушун так аткаруу негизги маселе экендигин айтып, таза, тыкан, так, жоопттуу студенттерди практикалык кызматташууга чакырды.

**ПРООНдун өкүлү К.** Мамыразаков өзүнүн студент мезгилиндеги практика өтөө учурунда болгон кыйынчылыктары менен бөлүштү. Азыркы учурда замандын талабына ылайык көп

жумуштар компьютерлештирилип, практиканттарга кыйла жеңил экендигин түшүндүрдү. Бирок кээ бир студенттер практикага кош мамиле жасап, өтөй албагандары бар экендигин баса белгилеп өттү. 100% тапшырмаларды аткарганда гана практикасын өтөп, ийгиликке жетишерин түшүндүрдү.

**ОсОО Сынактын өкүлү Алтай Турдубек уулу-** бул күнгө чейинки практикага барган студенттердин мыкты иштеринен видео-слайд көрсөтүү аркылуу студенттерди практика учурунда өз жумуштарына так, тыкан болууга чакырып, практикага бара турган студенттер үчүн жардам берерин билдирди.

**II.Сөзгө чыкты:**

Окутуучу Т.Борошова практикага барган ишканаларда студенттерге берилген тапшырмаларды убагында так, тыкан аткарып, коноктор менен тил табышып иштей алышат деген ишенимин көрсөтүп, практика жетекчисинин көзөмөлүндө болорун билдирди.

**II. Токтом кылынды:**

Практикага чыгуу учурунда студенттердин тапшырмаларды натыйжалуу аткаруусун көзөмөлдөө, түшүндүрүү иштери практика жетекчисине милдеттендирилсин.

**Төрайым:** **Сурапова Н.Р.**

**Катчы:** **мааткалыкова Г.**


WFP
OSH GRAND
HOTEL CHAVO
ОШ НУРУ
ВПП ООН




WFP
ЫНАК
OSH GRAND
HOTEL CHAVO
ОШ НУРУ
ВПП ООН
Ташбаева Айнура
Абдижапаровна




